**Каримова Дилшат Сагынбаевнанын «Мектеп жашындагы балдардын социалдык дезадаптациясы (социологиялык талдоо)» темасындагы социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертацияга (шифр: 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер) илимий жетекчи философия илимдеринин доктору, профессор Исаев Кусеин Исаевичтин**

# ПИКИРИ

Каримова Дилшат Сагынбаевнанын тандалып алынган темасы Кыргызстан үчүн эң орчундуу жана келечектүү илимий багыт. Азыркы учурда өзгөчө актуалдуу болуп жаткан өспүрүмдөр арасындагы дезадаптациялык жүрүм-турум коомдун өнүгүү абалына терс таасирин тийгизүүдө. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, Кыргызстандагы өспүрүмдөргө карата салкын мамиле күч алды жана коомдогу айлана-чөйрөгө адаптация процесси татаалдашты. Негизги себептери ата-энелердин кайдыгер мамилелери, жакырчылык, жумушсуздуктун деңгээлинин жогорулашы, миграция процесси. Ушуга байланыштуу балдарын улгайган ата-энесинин, туугандарынын колуна таштоого аргасыз болушууда. Ата-энелердин дагы башка категориясы, социалдык-экономикалык көйгөйлөрдөн улам балдардын дезадаптация проблемалары көмүскөдө калууда. Тышкы жана ички мигранттардын балдары зордук-зомбулукка учурашы акыркы мезгилдин орчундуу проблемасы бойдон калууда.

Мектептеги балдардын туура эмес жүрүм-туруму дүйнө жүзү боюнча ар кандай көйгөйлөрдөн улам келип чыккан туруктуу жана олуттуу көйгөй болуп саналат. Изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, учурда мектепте окуучулардын жүрүм-турумун жакшы башкарууга мүмкүндүк берген стратегиялар жок. Мугалимдер дагы жакшы тартипти орнотуу үчүн колунан келишинче аракет кылышат, бирок жетишсиз бойдон калууда.

Алынган тема менен 2017-жылдан баштап изденүүчүнүн демилгесинде аталган тема боюнча социологиялык изилдөөлөргө илимий анализ жасалып,

2020-жылы автор өзү тарабынан социологиялык изилдөө жүргүзгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонууну менен аткарылды. Алсак, документтерди анализдөө, статистикалык маалыматтарды колдонуу, тема боюнча чагылдырылган илимий эмгектер талданды. Аталган тема боюнча Ош облусун жана Ош шаарынын мектеп окуучуларын, алардын ата-энелерин жана мугалимдерди камтыган социологиялык изилдөө жүргүздүк (2019-2020-жж.). Жалпысынан Ош облусу жана Ош шаарын боюнча мектеп жашындагы балдар 615 респондент (6-11-класстын окуучулары) сурамжыланды жана 120 ата-энелер, 25 тема боюнча эксперттер (социалдык педагогдор, психологдор жана балдар менен иштеген профессионалдар) сурамжыланды. Алынган жайынтыктар SPSS – 22 программасында иштелип чыкты. Сурамжылоого катышкан мектеп окуучулар жынысы боюнча: 48 % - эркек балдар жана 52 % - кыз балдар. Улуту боюнча: кыргыздар – 83 %; орустар – 3 %; өзбектер - 10 %; башка улуттун өкүлдөрү – 4 %. Райондор боюнча: Алай – 33; Араван – 53; Кара-Кулжа – 38; Кара-Суу – 172; Ноокат – 116; Өзгөн – 108; Чоң-Алай – 12; Ош шаары – 82.

Каримова Дилшат Сагынбаевна ЖОЖдо талыкпай эмгектенип келгендиктен диссертациялык иште байкоо ыкмасын кеңири колдонгон. Изденүү учурунда сапаттуу илимий диссертациялык иш менен аяктап, аталган темада тажырыйбалуу, кесипкөй адис. Көп мезгилден бери талыкпай илимий изилдөөсүн жүргүзүп келүүдө жана бүгүнкү күндө диссертациянын темасы боюнча 11 илимий макала жарыялап, анын ичинде 5 макаласы чет өлкөдө жарык көргөн. Диссертанттын өздүк салымын белгилей кетсек, социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонуу менен изилдөө жүргүзүү, алынган жыйынтыктарды SPSS программасында иштетүү жана талдоо, өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумдарынын көбөйүшүн алдын алуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу жана аны жайылтуу, иш жүзүнө ашыруу, изилдөөнү каржылоо, социология илимине чоң салымын кошту.

Каримова Дилшат Сагынбаевнанын диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын коюлган талаптарына толугу менен жооп берет, автор социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга окумуштуу катары калыптанды жана диссертациялык ишти сапаттуу аяктады. Каримова Дилшат Сагынбаевнанын диссертациялык ишин атайын Кеңеште эл алдында коргоого сунуштайм (22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер).

**философия илимдеринин**
**доктору, профессор** **Исаев К.**

24.05.2021 года я, Макарова Ирина Алексеевна, частный нотариус Свердловского нотариального округа г. Бишкек Кыргызской Республики, действующая на основании лицензии №612 на право частной нотариальной деятельности, выданной МЮ КР, осуществляющая свою деятельность по адресу: г.Бишкек, пр.Чуй, 147-1А, тел. +996312431126.

Свидетельствую подлинность подписи гр. **Исаева Кусеина**, которая сделана в моем присутствии. Личность и дееспособность установлена.

Ст.74 Закона о Нотариате КР «Нотариус не удостоверяет фактов, изложенных в документе, а лишь подтверждает, что подпись сделана определенным лицом» - нотариусом разъяснена.

Зарегистрировано в реестре за № 612-2813

Взыскано государственной пошлины 50-00 сом

Нотариус ____________

Прошито и пронумеровано,

на ___04___ листах

ЧН Макарова И.А.